Ош Мамлекеттик Университетинде 2017-жылдын 29-ноябрында “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу IV аймактык студенттик илимий конференция өткөрүлдү.

Конференцияга Түштүк аймагындагы жогорку окуу жайларынан, ОшМУнун Арашан гуманитардык институтунан келген илимге кызыккан алдыңкы студенттер жана алардын илимий жетекчилери, ЖОЖдордун илимий иштер боюнча проректорлору, илим, аспирантура бөлүмдөрүнүн башчылары катышышты. Конференциянын иши педагогика жана окутуунун технологиялары, филология, тарых, юридика, коомдук илимдер жана дин таануу, улуттук экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы, инженердик-техникалык илимдер жана информациялык технологиялар, медицина илимдери боюнча секцияларда улантылды.

№IX “Инженердик-техникалык илимдер жана информациялык технологиялар” секциясында ар аймактан келген 16 студент өз баяндамаларын жасашып, баяндамалар студенттердин арасында кызуу талкууга алынды.

Жыйынтыгында Программалоо кафедрасынын окутуучусу Н. Абдирайимова жетектеген “LMS Moodle’да информатика боюнча дистанттык курсту иштеп чыгуу” баяндамасы I орунга татыктуу болду, баяндамачы МИТ факультетиниин ИСТ адистигиниин ИСТ-б-1-16 группасынын студенти К. Эрмекбай уулу болду.